МАКУЛДАШЫЛДЫ
Б.Осмонов атындагы
ЖАМУнун Окумуштуулар
кеңеши тарабынан каралды
« 26 » июнь 2023-ж.
№ 11 протоколу

БЕКИТЕМ
Б.Осмонов атындагы
ЖАМУнун ректору
т.и.д., профессор
_______ К.Ж.Үсенов

# Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕНИН КҮНДҮЗГҮ ОКУУ БӨЛҮМДӨРҮНДӨ ОКУГАН СТУДЕНТТЕРГЕ ОКУУ ТӨЛӨМДӨРҮНӨН ЖЕҢИЛДИК БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университенин күндүзгү окуу бөлүмдөрүндө окуган студенттерге окуу төлөмдөрүнөн жеңилдик берүү жөнүндө Жобосуна (Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин №11-протоколу 26.06.2023-ж. буйрук №120, 03.07.2023-ж.) өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү менен, КРнын 2003-ж.30.04. №92 "Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамынын, укуктук нормативдик актыларынын, КРнын билим-илим жана жаштар саясаты министрлиги тарабынан бекитилген (№709/1. 27.10.2005) «КРнын ЖОЖдорунун, атайын кесиптик билим берүүчү орто окуу жайларынын студенттерине окуу төлөмдөрүнөн жеңилдик берүү боюнча бирдиктүү мамиле жөнүндөгү» көрсөтмөсүнө, КРнын 9.01.2005-ж №6 "Кыргыз Республикасынын жарандарынын ден-соолугун коргоо" жөнүндөгү мыйзамына жана ЖАМУнун уставына ылайык Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин күндүзгү бөлүмдөрүндө окуган студенттерге окуу төлөмдөрүнөн жеңилдик берүүнүн төмөнкүдөй тартибин киргизет.

## I. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Күндузгу окуу бөлүмдөрүндө окуган студенттерге окуу төлөмдөрүнөн жеңилдик берүү жөнүндө Жобо 3 бөлүм, 19 пункттан турат.
1.2. Студенттерге окуу төлөмдөрүнөн жеңилдик берүү, комиссия караганга чейин бир жылдын ичинде болгон жетишкендиктер же окуялардын негизинде бир окуу жылына, жыл ичинде жүргүзүлөт.
1.3. Ректордун буйругу менен түзүлгөн окуу акысынан жеңилдиктерди берүү комиссиясы жеңилдик алуу үчүн берилген студенттердин документтерин карап чыгат жана чечим кабыл алат. Комиссиянын чечими окуу жайдын окумуштуулар кеңешинин талкуусуна сунушталат. Окумуштуулар кеңешинде каралып жана бекитилгенден кийин чечим окуу жайдын ректоруна сунушталат.
1.4. Окуу төлөмдөрүнөн бошотуу ректордун буйругу менен бекитилет.
1.5. Күндүзгү бөлүмдө окуган студенттерге окуу акысынан жеңилдик берүү төмөндөгүдөй тартипте берилет:

| Жеңилдиктин түрү | Жеңилдиктин пайызы |
|---|---|
| **Социалдык жеңилдик**<br>(Социалдык компенсация катары) | |
| Тоголок жетим жана ата-энесинен кароосуз калган жаш курагы 23 жашка чейинки студенттер | 100% |
| Биринчи жана экинчи топтогу майып жана ден соолугу, мүмкүнчүлүгү чектелген бала (ДМЧА) (18 жашка чейинки) студенттер | 50% |

| | |
|---|---|
| КРнын территориясындагы согуштук-аскердик иштерге катышкан студенттер | 25% |
| Өзгөчө иретинде кечиктирилгис жардам керек студенттер:<br>➢ Иш учурунда каза болгон университеттин кызматкерлеринин балдары (студент);<br>➢ КРнын территориясында болгон окуяларда каза болгон, майып болгондордун (I жана II топтогу) балдары (студент);<br>➢ Ата-энесинин бири өтүп кеткен, экинчиси I жана II топтогу майыптардын балдары; | 25% |
| **Мотивациялык жеңилдик** | |
| "Эң жакшы" деген бааларга окугандар:<br>➢ республикалык предметтик олимпиадалардын жеңүүчүлөрү болгон студенттер | 25% |
| ➢ Эл аралык, дүйнөлүк предметтик олимпиадалардын жеңүүчүлөрү болгон студенттер | 100% га чейин |
| ЖАМУну спорт жаатында даңазалаган спортсмендер:<br>➢ Республикалык чемпионаттарда, универсиадаларда олимпиадалык оюндардын түрлөрү боюнча чемпион болушкан, байгелүү орундарды алышкан (I, II, III орун) студенттер | 25% |
| ➢ Азия, Эл аралык жана дүйнөлүк чемпионаттарда, олимпиадаларда жана универсиадаларда олимпиадалык оюндардын түрлөрү боюнча чемпион болушкан, байгелүү орундарды алышкан (I, II, III орун) студенттер | 100% га чейин |

## II. ЖЕҢИЛДИК АЛУУГА КЕРЕКТЕЛҮҮЧҮ НЕГИЗГИ ДОКУМЕНТТЕР

### Социалдык жеңилдик

*(Социалдык компенсация катары)*

1.1. **Тоголок жетим жана ата-энесинен кароосуз калган жаш курагы 23 жашка чейинки студенттер:**

- ректордун наамына жазылган арыз;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүк же паспорттун көчүрмөсү;
- ата-энесинин өлгөндүгү тууралуу күбөлүк, же аларды ата-энелик укуктан ажыраткан соттун чечими;
- ата-энесинин никеси тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү (туулгандыгы тууралуу күбөлүк жок учурда);

1.2. **Биринчи жана экинчи группадагы майып жана ДМЧА (18 жашка чейинки) студенттерге студенттер:**

- ректордун наамына жазылган арыз;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүк же паспорттун көчүрмөсү;
- эмгекке жарамсыз экендигин далилдеген МСЭКтин чечими;
- пенсиялык күбөлүк

2.3. **КРнын территориясындагы согуштук-аскердик иштерге катышкан студенттер:**

- ректордун наамына жазылган арыз;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүк же паспорттун көчүрмөсү;
- КРнын территориясындагы согуштук-аскердик иштерге катышкандыгы тууралуу документтер (тактама, күбөлүк ж.б.);
- башка документтер (үй-бүлөсү тууралуу жана жашаган жеринен тактама ж.б.)

2.4. **Өзгөчө иретинде кечиктирилгис жардам керек студенттер:**

- *Иш учурунда каза болгон университеттин кызматкерлеринин балдары;*
  - ректордун наамына жазылган арыз;
  - туулгандыгы тууралуу күбөлүк же паспорттун көчүрмөсү;
  - атасынын же энесинин өлгөндүгү тууралуу күбөлүк;
  - атасынын же энесинин иш учурунда каза болгондугун далилдеген тактама;
  - башка документтер (үй-бүлөсү тууралуу жана жашаган жеринен тактама ж.б.).
- *КРнын территориясында болгон окуяларда каза болгон, майып болгондордун (I жана II топтогу) балдары;*
  - ректордун наамына жазылган арыз;
  - туулгандыгы тууралуу күбөлүк же паспорттун көчүрмөсү;
  - атасынын же энесинин өлгөндүгү тууралуу күбөлүк;
  - атасынын же энесинин эмгекке жарамсыз экендигин (майыптыгы I-II топтогу) далилдеген ВТЭКтин (МСЭК) чечими;
  - башка документтер (үй-бүлөсү тууралуу жана жашаган жеринен тактама ж.б.).
- *Ата-энесинин бири өтүп кеткен, экинчиси I жана II топтогу майыптардын балдары;*
  - ректордун наамына жазылган арыз;
  - туулгандыгы тууралуу күбөлүк же паспорттун көчүрмөсү;
  - атасынын же энесинин өлгөндүгү тууралуу күбөлүк;
  - атасынын же энесинин эмгекке жарамсыз экендигин (майыптыгы I-II топтогу) далилдеген ВТЭКтин (МСЭК) чечими;
  - башка документтер (үй-бүлөсү тууралуу жана жашаган жеринен тактама ж.б.).

**Мотивациялык жеңилдик**

1.1. **“Эң жакшы” деген бааларга окугандар** (республикалык, Эл аралык, дүйнөлүк предметтик олимпиадалардын жеңүүчүлөрү болгон студенттер):
  - ректордун наамына жазылган арыз;
  - паспорттун же туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү;
  - предметтик олимпиадалардын жеңүүчүлөрү болгондугу боюнча байгелүү орунду алгандыгын далилдеген документтин көчүрмөсү (диплом, күбөлүк, орден жана медалдардын ж.б. документтердин көчүрмөсү).

1.2. **ЖАМУну спорт жаатында даңазалаган спортсмендер** (КРнын спорт чеберлери, Республикалык, Азия, Эл аралык жана дүйнөлүк чемпионаттарда, олимпиадаларда, универсиадаларда олимпиадалык оюндардын түрлөрү боюнча чемпион болушкан, байгелүү орундарды алышкан (I, II, III орун) студенттер):
  - ректордун наамына жазылган арыз;
  - паспорттун же туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү;
  - спорт боюнча байгелүү орунду алгандыгын далилдеген документтин көчүрмөсү (диплом, күбөлүк, орден жана медалдардын ж.б. документтердин көчүрмөсү).

## III. ЖЕҢИЛДИКТЕР БЕРҮҮНҮН ТАРТИБИ

3.1. Студенттерге окуу төлөмдөрүнөн жеңилдик берүү, комиссия караганга чейин бир жылдын ичинде болгон жетишкендиктер же окуялардын негизинде бир окуу жылына, жыл ичинде жүргүзүлөт. Негизги кароо эки этап менен, б.а. окуу жылдын I жарым жылдыгында 15-октябрга чейин жана II жарым жылдыгында 15-мартка чейин жүргүзүлөт.

3.2. Окуу төлөмдөрүнөн бошотуу окуу жайдын уставына ылайык финансылык мүмкүнчүлүктөрүн ошондой эле студенттин, ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) материалдык абалын эске алуу менен жүргүзүлөт. Жобого ылайык болбогон студенттердин арыздары канааттандырылбайт;

3.3. Жеңилдик алууну каалаган студенттердин арызын кароо үчүн окуу жайдын ректору Социалдык жана тарбиялык иштер боюнча проректору, факультеттердин декандары,

колледждердин жана институттардын директорлору, укуктук камсыздоо бөлүмүнүн жана профсоюздун өкүлү, студенттик-жаштар уюмунун өкүлүнөн турган курамда атайын комиссия түзөт;

3.4. Жеңилдик алууну каалаган студенттер жобого ылайык топтогон документтерин толуктап, жетекчинин наамына жазылган арызы менен куратору аркылуу декандарга жана директорлорго кайрылат;

3.5. Жеңилдик алуучу студенттердин документтеринин туура жана тактыгы үчүн декандар менен директорлор жооптуу болушат. Документтердин толукталгандыгын кабыл алгандан кийин факультетте жыйын өткөрүп протоколдун көчүрмөсүн жана студенттердин документтерин билдирүү менен жеңилдик берүү боюнча комиссияга сунуштайт;

3.6. Студенттерге жеңилдик берүү комиссиясынын мүчөлөрү комиссиясынын жыйынында, жеңилдик алуучу студенттердин документтерин толук карап чыгып ой-пикирлерин, сунуштарын беришет. Жыйындын чечими протоколдоштурулуп жазылат. Протоколдо жеңилдик алган студенттер категориясы боюнча бөлүнүп тизмектелип, пайыздары көрсөтүлүп жазылат;

3.7. Жеңилдик боюнча комиссиянын жыйынынын чечими жеңилдик алган студенттердин документтери менен бирге университеттин Окумуштуулар кеңешине кароого коюлат (С жана ТИ боюнча проректору Окумуштуулар кеңешине кароого алып чыгат);

3.8. Окуу төлөмдөрүнөн бошотуу Окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде, ректордун буйругу менен бекитилет.

Түзүүчүлөр: Доранова А.Д.
Акматова А.Т.